А.Закиров атындагы орто мектеби

# Китеп-билим булагы,
# Билим –өнөр чырагы

Мугалим: Молдалиева О.К.

***Саламдашуу :***

Саламаттыкты каалаймын,
Саламатсыңарбы балдарым!
Амансыңбы, күнүм!
Амансыңбы,айым!
Амансыңбы, көк асман!
Амансыңбы, кутман жер!
Амансыңбы ,коноктор!
Амансыңбы, эжей!
Амансыңбы, окуучулар!
Көңүлүбүз ачык,
Маанайыбыз жарык
Жарык маанай каалайбыз!

***Бири-барибизди карап жылмайып коелучу.***

Ак сандыгы ачылды! Күндүн нуру чачылды.Бүгүн кайсы күн? Канчасы?

***Сабактын темасы:*** “Китеп билим-булагы,

Билим өнөр чырагы”

Окуучулардын патриоттук эстетикалык сезимин тереңдеттүүгө китептин эбегейсиз чоң ролун түшүнүп маалымат аласыңар.

Китеп окуу маданиятына үйрөнүшсө жана китепти көп окууга кызыгууларын арттырышса .

Китептин сакталышына өз жоопкерчиликтерин күчөтүшсө.

Китеп аркылуу аң-сезимдерин, ой жүгүртүүлөрүн кеңейтишсе, өнүксө.

Китепти сүйүүгө, сактоого камкор болууга ,чыгармачыл болууга патриоттуулукка тарбияланышса.

***Сабактын жабдылышы:*** Көрсөтмөлөр , макал-лакап,слайд.Китеп көргөзмөсү.

***Сабактын жүрүшүү:*** Уюштуруу иштери.Класста жагымдуу жагдай.

***Мугалимдин сөзү:*** - Балдар силер терең билимди кайдан аласыңар?

-Албетте китептен. Өлкөбүздө китептен билим алып, китепти кызыгуу менен окуган сабаттууадамдар, философдор, профессор, окумуштуулар көп. Ошентсе дагы эң активдүү катышкан китеп достору мектеп окуучулары.

Андыктан балдар, китепти урматтоо менен бирге бүгүн биз “Китеп билим-булагы, билим өнөр чырагы” аттуу темада ачык сабак өтөлү деп чечтик.

- Балдар! Бул жакшы нерсени дагы камтый кетпесек болбостур.Биз азыр кандай өлкөдө, кандай жашоодо жашап жатабыз? Мекениңер кайсы? Кыргызстан

***Жооп:*** Эркин өлкөдө жакшы жашоодо, Ала Тоонун койнунда.

***Мугалим:*** Быйыл эркин өлкөбүздүн канча жылдыгын белгиледик?

***Жооп :*** 30 жылдыгын! Азаматсыңар!!!

***Мугалим:*** Анда сөз силерде. Доскадагы Ж.Баласагын атабыздын 4 сап ырын көркөм айтып коелу.

Таалайдын нурун көрсөтүп,
Чакырып турат келчи деп.
Арамдыктан тазалап,
Жакшылыкка ээрчитет.
Ошондуктан баркын бил,
Кирдетпестен бир четин,
Сыя төгүп булгабай,
Таза сакта китепти.

***Окуучулар :*** Урматтуу достор!

Мектеп , билим жөнүндө сөз кылганда аларды китепсиз элестетүү кыйын.Китеп эң бир кызык, эң бир укмуштуу дүйнө. Сөз дүйнөсүнө алып кирет.

**Ооба курбум туура айтысың!**

Китептен эң бир кызык эң бир укмкштуу чыгармаларды окуй аласың.Кызыктуу аңгемелер, укмуштуу жомоктор,ырлар, тамсилдер, макал-лакаптар табышмактар......

**Албетте, курбум сөзүнө кошулам**.

Канчалык көңүл бөлүп, кызыгып окуган болсоңор, сөз дүйнөсүнүн кызыгына аралашып, аны ошончолук терең кеңири таанып билесиң.

**Ооба, туура сөз эмеспи.**

Ким окуса, ал көптү билет деп айтылат элдик макалада,анын маанисин түшүнсөк өтө терең. Китеп биздин заманыбыздын турмушу дегендей,

жумушчулар техникалык адабиятты анткени станокту жакшы башкарыш үчүн. Дыйкандар болсо?! Агротехникалык китептерди окуш керек,себеби мол түшүмдү кандай жол менен алыш үчүн.Ал эми мугалим: педагогикалык методикалык китептерди көп окушат.Окуучуларга терең билим жакшы тарбия бериш үчүн.

**Эң туура,сөзүңөргө кошуламын.**

Демек китеп туура жолду, биздин,элдин келечекте жыргалдуу турмуш үчүн багыт бере,жол ачат.

Китеп кагаз жөнүндө кыскача сөз кылсак. Эң алгачкы жашоодо китеп кагаз деген жок болгон.Египетте папирус дарагынын кабыгына жазышкан. Китеп көлөмдүү басылма.Маалыматты сактоонун,муундан –муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы.Или-билим маданият,адабий-көркөм чыгармаларды жайылтынуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Коомдук зор мааниге ээ.Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан.Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча менен белгилерди чийип жазышкан.Андан кийин такчаларды кургатып,отко бышырышкан да китепчелерди жасашкан. Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук таякчалар түрүндө болгон.Кийинчирээк кыл калемди тушка малып,жибекке жазышкан.Байыркы Египетте таш такталарга чегип китеп жазышкан.Кийин алар папирусту ойлоп табышкан.Кийин 2-кылымда жаңы жазуу катары айбанаттардын терисинен пергамент жасалган.Папирус жана пергамент өтө кымбат болгон.20-кылымдын башынан фототехниканы колдонушуп китеп басып чыгара башташкан.Андан кийин интернетке жайгаштырылып цифралык китеп фонддор пайда болгон.Улам,өнүгүп отуруп электрондук жана аудиокитептер чыга баштаган.

- ***Балдар китеп жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?***

  Мына бул алтын китеп,
  Адамзат ушундан ар кыл акыл күтөт.
  Бул китепти окуган
  Чыңгыз атамдагы тиктеп

  Китепти окуган арыштайт озот,
  Айга колун созот.
  Анткени китеп акылга акыл кошот.
  Ойлойм өсөт акылым,
  Окуй берсем күндө эле.

Китеп менен дос болуп,
Кирем кызык дүйнөгө.

Китепти сүй баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.
Билим кени китеп,
Тарбия кени мектеп.
Ким китепти көп окуса,
Ал көптү билет.

Китеп деген акылман
Жакшылыкка чакырган.
Окуучуга кеңешчи
Жакын досу эмеспи.

Акылга жакшы китеп акыл салаар,
Кыялдын жаман жагын тартып алар.
Өзүңдү өзүңө айтпай кайра жасап
Сен ачкан жолдоруңа канаттанаар.

## *Көңүлдүү эс алуу: "БАЛАЛЫК"*

### - *Китеп жөнүндө сценка: "Эки китептин маеги"*

Бир күнү эки китеп жолугушуп маектешип калышты.

1-китеп: - Кандай досум? Көрүшпөгөнүбүзгө көп болду.Ии... эмне өңүң азып,кумсарып, жүдөп алыпсың, жашооң деги кандай?

2-китеп: - ээ досум, менде айтсам арман көп. Басмаканадан чыккан соң жаман окуучуга туш болдум.Ал мени сырттап окуп кармамак турсун, барактарыма чийип, атын жазып, боеп, керек болсо жалкоолугу кармаганда тапшырма аткаргысы келбей барактарымды айрып салат, сыртымды этимден эбак эле бөлүп салган, класстагылардын баарынан уялам.Ал бала "3"тү кээде эле албаса, алган баасы"2".

А, өзүң жөнүндө айтчы, өңүң жакшынакай жалтырайт го?

1-китеп : - Мен болсо жакшы окуучуга туш болдум. Ал мени алган күндөн баштап сыртымды сырттап,окуп токтогон жерине закладка коюп, барагымды бүктөбөй,кадырлап кармайт.Барактарымдын бетинен бир дагы чийик-жазуу көрбөйсүң.Колун самындап таза жууп,анан окуйт мени.Эркелетет,анткени менден көп нерсени окуйт да жалаң "5" деген баа алат.Мени алып жүргөн окуучуга ыраазымын.

2-китеп:- Ооба, мен сага суктанып турам.Мендей окуучуларга туш болбо.

***Китепти жакшы сактагыла!!!***

***-Балдар кандай макал-лакаптарды билесиңер?***

Жакшы адам эмгектенет,
Жаман адам тентектенет.

Эмгек бар жерде эрдик бар.
Окуу бар жерде билим бар.

Иш атасы илимде,
Бийиктик билсең билимде.

Эмгек жашоо,окуу келечек.

Акылы бар билимди самайт,
Акылы аз кийимди самайт.

***-Балдар кандай табышмактар билесиңер***?

Үн чыгарып сүйлөбөйт
Бирок өзү асыл баа.
Аны менен дос болсоң
Акыл кошот акылга.(китеп)

Татынакай көркү бар
Түркүн –түркүн нерсени,
Таамай айткан чынчыл ал. (китеп)

Ак карга түркүн из салат,
Атын ойлоп ким табат.(калем)

***Жыйынтыктоо :*** -Балдар силердин китепти көп окуп,билим алышыңар дагы, бул мекенге кызмат кылуу, деп айтылат.
Жакшы окуп, жакшы жүрүшүң
Элиңе кошкон үлүшүң деп бекр айтылбайт.Мамлектибизди гүлдөтүүнү кааласак,анда китепти көп окуп, жакшы сапаттарга,баалуулуктарга ээ болушубуз керек.Кыргызстандын, эне- атаңардын жаркын келечегисилер экендигиңерди унутпагыла.

***Баалоо :-*** Бүгүнкү сабак жактыбы?
Эмнеден кыйналдыңар?
Түшүндүңөрбү ?
Азаматсыңар!!!